КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
СОКУЛУК ЧҮЙ ОБЛУСУ
РАЙОНУ
ЖАҢЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**ТОКТОМ № 29-1\1**

29-чакырылыштын 1-сессиясы 29.11. 2024 ж

**Жаңы-Пахта айыл аймагынын**
**Курултайды өткөрүү жана уюштуруу жөнүндө**

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" №199 Жарлыгына жана укучу Элдик Курултайга Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы №271 Жарлыгынын негизинде Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2024-жылдын 7-декабрында ишемби күнү Жаңы-Жер айылындагы Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн административдик имаратында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча окуучулуктук жыйын өткөрүлсүн;
2. Жаңы-Пахта айыл аймагы боюнча калктын санына жараша (калк - 17285) окуучулуктук жыйынга 100 өкүл шайлансын,
3. Жаңы-Пахта айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы № 1- тиркемеге ылайык бекитилсин;
4. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 2024-жылдын 4-декабрынан 5-декабрына чейин графикке ылайык өткөрүлсүн; (№2 тиркеме)
5. Жаңы-Пахта айыл аймагында жергиликтүү Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча тургундардын жыйындарын өткөрүү 2024-жылдын 4-декабрынан 5-декабрына чейин белгиленсин; (№3-тиркемеге ылайык)
6. Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү Курултайды өткөрүү 2024-жылдын 7-декабрь деп белгиленсин (№4 тиркемеге ылайык)
7. Ар бир айылдан шайланган жергиликтүү кеңештин депутаттарына, айыл башчыларга, жана жумушчу топко Жергиликтүү Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүү. Уюштуруучу жагы милдеттендирилсин;

8. Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестерине киргизүү үчүн Чүй областтык Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн;

9. Бул Токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

**Төрага** **Бердигулов А.М.**